8- а , б класс “22 ” сентябрь 2022 –жыл кыргыз тили сабагы **I чейрек** 2-сабак

~~Саба~~ктын темасы: Тексттеги абзац жана микротеманын колдонулушу .

| Сабактын максаты: | Көрсөткүчтөр :<br>Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу : |
|---|---|
| **1.Билим берүүчүлүк :**<br>Окуучулар тексттеги абзац жана микротеманын колдонулушу боюнча билимдерин бекемдешет . | - тексттеги абзац жана микротеманын колдонулушу боюнча ; |
| **2.Өнүктүрүүчүлүк :**<br>Тексттеги абзац жана микротемаларды аныктоо менен кеп маданияты калыптанат . | -Тексттеги абзац жана микротемаларды аныктаса; |
| **3. Тарбия берүүчүлүк:**<br>Орфографиялык эрежелерге ылайык сабаттуу жазууга багыт алышат . | Тексттеги сөздөрдү сабаттуу жазып , өзүнүн пикирин далилдей алса ; |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Сабактын жабдылышы : Таблицалар , сүрөттөр , тексттин даяр үлгүлөрү , карточкалар .




Окутуу усулу : интерактивдүү , таанып – билүүчүлүк усул

Предмет аралык байланыш : кыргыз адабияты , тарых , география

| Негизги компетенттүүлүктөр | *Предметтик компетенттүүлүктөр* |
|---|---|
| • Маалыматтык<br>Алган маалыматтарын кабылдап , негизги ойду аныктоо менен , алынган маалыматтарын так баяндайт ; | ПК- 1 **Тилдик компетенттүүлүк** – тилдин системасын, тактап айтканда , тилдин түзүлүшү , анын категориялары тууралуу билимге ээ болуу , орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукка жетишүү ; |
| Социалдык- коммуникативдик<br>Оозеки жана жазуу жүзүндө берилген маалыматтарды кабылдоо менен , өз ара аракеттенүүнү калыптандырат ; | ПК- 2 **Кептик компетенттүүлүк** – кырдаалдарга жана тилдик нормаларга ылайык жазуу жана оозеки формада карым-катнашты ишке ашыруу , өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт ; жана сөздүк корун байытуу , байланыштуу кебин , сүйлөө жазуу маданиятын өркүндөтөт . |
| Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрдү аныктоо<br>Маалыматтан карама- каршылыктарды табат , маселени чечүүнүн жолдорун айтуу менен өз пикирин далилдейт . | ПК – 3 **Маданий компетенттүүлүк**– тилдин улуттук – маданий өзгөчөлүгүн үйрөнөт , тил аркылуу элдин улуттук баалуулуктарын таанып – билет , элдик этномаданий лексиканы өздөштүрөт . |

## САБАКТЫН ЖҮРҮШҮ:

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучулардын иш-аракети | Баалоо | Окуучуларда калыптануучу компетенттүүлүктөр | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | НК | ПК |
| Уюштуруу учуру **( 3 мүнөт)** | *Окуучулар менен саламдашып , толуктап класстын тазалыгын көзөмөлдөп , сабакка даярдоо .<br>Сабакка жагымдуу маанай түзүү<br>Алтын эрежени эске алуу | Окуучулар мугалим менен саламдашат , сабакка даярданышат .<br>**Алтын эрежени эске алышат* | <br>Эң жакшы ! | НК-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Үй тапшырмасын текшерүү **( 5 мүнөт )** | Түзүп келген сүйлөмдөрүн окуп беришет . | Үй тапшырмалары боюнча айтып беришет . | Үй тапшырмасы бааланат<br> | | |
| Өтүлгөн темаларды кайталоо **( 3 мүнөт )** | 1. Адабий тилдин негизги белгилери кайсылар?<br>2. Кыргыз адабий тилин байытууда орус жана башка тилдеринин ролу кандай?<br>3. Тил жөнүндө кандай макалдарды, учкул, накыл сөздөрдү, ырларды, кара сөздөрдү билесиң ? | Суроолорго жооп беришет . | <br>Жакшы ! | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү (10 мүнөт) | *Жазуудагы сол башындагы кемтик же эки кемтик саптардын аралыгындагы текст* ***абзац*** *деп аталат.*<br>Текстте абзац мурдагы ойдун бүткөндүгүн, жаңы ойдун башталгандыгын билдирет. Абзацтын башталышы менен айтайын деген ой андан ары тереңдейт.<br>Ал эми ***микротема*** болсо – тексттин мазмунунун бир бөлүгүн билдирген деталы, курулуш материалы. Өз кезегинде бир абзацта маанилик, грамматикалык жана структуралык жактан байланышкан, жалпы негизги темага жооп берген бир нече микротемалар болушу мүмкүн.<br>Мисалы: – *Алиги мен көмүр өчүрүп жүргөн токой бар эмеспи, ошол жерде. Биз аны Коргон-Таш деп коёбуз. Адырынын эки жагы тегеренген эле кара таш болот.*<br>*Эртеси Антон лом темирин, балтасын канжыгасына байланып алып, Темирбайдын эшигине жай бастырып келди.*<br>*Темирбай жолката тынбай сүйлөп, «Карай койсом эле таш куйүп атат, сен ишенип кой»,– деди Антонду ишендирүүгө аракеттенип, антпесе Антон кайра бастырып кетип, жалганчы болуп каламбы дегенсип эси чыгып, тынымсыз сүйлөп баратты.*<br>*Баягы жерге жетишкенде, Антон аттан ыргып түшүп, лом темир менен саландап турган күрөң таштарды уруп-уруп көчүрүп жиберди. Нары жагынан капкара болуп жаркыраган таштар чыга келди. (Ш. А.)* | Кыргыз адабий тили оозеки жана жазма тил болуп, эки бөлүктөн турат. Жазма тилдин нормасы мамлекеттик иштерде, басма сөздөрдө, газета-журналдарда, ар кандай китептерде, иш кагаздарында ишке ашырылат. Оозеки тилдин нормасы окуу жайларында, мектептерде, лекцияларда, театрларда, телекөрсөтүүлөрдө, радиоберүүлөрдө ж. б. колдонулат.<br><br>Сүйлөмдөрдү түзүшөт. | <br>Калыптандыруу-чу баалоо<br><br>Кайтарым байланыш<br><br>Сөз менен баалоо<br> | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 |
| Көнүгүү иштөө (14 мүнөт) | 1-көнүгүү<br>Текстти абзацка ажыраткыла<br><br>2 – көнүгүү<br>Текстти абзацка ажыратып, көөчүрүп жазгыла. Сүйлөмдүн аягына тыныш белгилерин койгула. Тексттин атын атагыла. | 1-2 – көнүгүүнү аткарышат. | Калыптандыруучу баалоо | НК-1-2-3 | |
| | | | <br>Бири-бирин баалашат | | ПК-2-3 |
| Сабакты бышыктоо : (5 мүнөт) | 1.Абзац деген эмне ?<br><br>2.Диалогдук кепте абзацтын колдонулушу кандай ?<br><br>3. Абзацтын монологдук кепте жана ыр саптарында колдонулушу боюнча айтып бергиле. | Суроолорго активдүүлүк менен жооп берүүгө аракеттенишет. | **Азаматсыңар !**<br><br>Оозеки жообу бааланат | НК-2-3 | **ПК-2-3** |
| Тапшырма берүү : (2 мүнөт) | **3 – көнүгүү**<br>Абзацтарга көңүл бургула. Абзацтын көлөмүн аныктагыла. Тыныш белгилери кандай максатта колдонулат ? | Үйгө берилген 3-көнүгүүнү аткаруу шарты боюнча түшүнүк алышат. | Жакшы !<br> | | **ПК-1-2-3** |
| Баалоо (3 мүнөт) | **Окуучулардын билимин баалоонун талаптары:**<br>--көнүгүүнү тапшырма боюнча туура аткаруусу;<br>--орфографиялык сабаттуулугу;<br>--тыныш белгисин туура коюшу;<br>--берилген суроолорго жоопторунун тактыгы.<br><br>Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимин эске алуу менен баалап, күндөлүктөрүнө баа коюп берүү | Күндөлүктөрүнө баа койдурушат. | <br>Жалпы билимин эске алуу менен мугалим баалайт. | НК-2-3 | |

10 – класс " 12 " Октябрь 2022 – жыл кыргыз адабияты сабагы **I чейрек 16-сабак**

Сабактын темасы : Кемчонтой

| Сабактын максаты: | **Көрсөткүчтөр :** Жогорудагы максаттар ишке ашат , эгерде окуучу : |
|---|---|
| 1 . Билим берүүчүлүк : Окуучулар Тоголок Молдонун " Кемчонтой " поэмасы боюнча маалыматка ээ болушат . | -тема тууралуу өз оюн билдирсе ; -берилген суроолорго так , туура жооп бере алса ; |
| 2 .Өнүктүрүүчүлүк : Поэманын таалим – тарбиялык маанисин талдап , сынчыл ой жүгүртүү менен кеп маданияты өнүгөт . | -поэманын тарбиялык маанисин талдап , турмуштук сүрөттөөлөрдү таба билсе ; |
| 3. Тарбия берүүчүлүк : Тема боюнча өзүнүн көз карашын коргоп , пикирин далилдеп , адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөй билүүгө багыт алышат . | -өзүнүн оюн эркин айтып , пикирин далилдей билсе ; |

| **Негизги компетенттүүлүктөр** | **Предметтик компетенттүүлүктөр** |
|---|---|
| **НК-1 Маалыматтык компетенттүүлүк** – маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. | **ПК-1 Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу |
| **НК-2 Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк-** керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы . | **ПК-2 Баалуулук-маанилик компетенттүүлүк** – бул инсандын баалуулук багытталуу чөйрөсүндөгү компетенттүүлүк; көркөм образды кабыл алуу жана анын адеп-ахлактык, эстетикалык маңызын баамдоо жөндөмдүүлүгү. |
| **НК-3 «Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты таба билүү . | **ПК-3 Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде адабий чыгармачылыкка жөндөмдүүлүгү, адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү ; |

Сабактын тиби : Жаңы билимди өздөштүрүү сабагы

Окутуу усулу : Окуу жана түшүнүү усулу


Окуу ресурстары : Кыргыз адабияты хрестоматия , адабият теориясы , окуу китеби

Предмет аралык байланыштар : Кыргыз тили жана тарых предметтери

***Сабактын жүрүшү :*** **1. Уюштуруу учуру *( 3 мүнөт )***

*Окуучулар менен саламдашып , толуктап , класстын тазалыгын көзөмөлдөө менен сабакка даярдоо . Сабакка жагымдуу маанай түзүү .*

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш аракети | Окуучунун иш аракети | Окуучулар ээ болуучу компетенттүү-лүктөр | | Баалоо |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | НК | ПК | |
| Үй тапшырма-сын текшерүү ( 5 мүнөт ) | " Жер жана анын балдары " боюнча оозеки айтып беришет | Үй тапшырма-сы боюнча жооп беришет | НК-2-3 | ПК-1-2-3 | Үй тапшырмасына карата бааланат |
| Өтүлгөн темаларга кайталоо жүргүзүү : *( 5 мүнөт )* | 1.Чыгарманын мазмунунан эмнени түшүндүң ? 2.Акындын буга чейинки окуган чыгармаларынан бул чыгармасынын мазмуну жана идеясы эмнеси менен айырмаланат ? 3.Эмне үчүн жер баарын ынтымакка чакырат ? | Суроолорго оозеки жооп беришет | | | Оозеки жообу бааланат. Кайтарым байланыш |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Тема боюнча зарыл болгон маалыматтарды берүү : *( 10 мүнөт )* | Мындай караганда кишинин оюна келбегендей кырдаал, анткени кадыресе эс-акылынан ажыраган адам гана ушундай болушу мүмкүн. Ал эми эс-акылынан ажыраган адамды поэманын баш каарманы катары атайы сүрөттөөнүн кандай зарылчылыгы бар. Демек, Кемчонтойду (атын да атайы ушундайча атап) атайы – кемсинтип, кордоп сүрөттөөдө акындын бирден-бир көздөгөн максаты болгон. Ал максаттын мааниси эмнеде? Көрсө, Кемчонтой айтылуу паракор казынын баласы экен, атасы тирүү кезинде баланын «чыры» да, «сыры» да билинген эмес. Анткени, «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» деген принцип өкүм сүрүп келген. Өмүрүндө казы катарында акыйкат, адилет өкүм чыгарбаган паракор атасы өлгөндөн кийин, Кемчонтойдун накта адамдык касиет-сапаты ачыкка чыга баштады. Баласынын өтө эле ашынып, чектен чыга баштаганын көргөн энеси бат эле баласын «малдын күчү» менен үйлөнтүп койду. Кемчонтойдун кыскача таржымалы ушул. Поэманын киришүү бөлүмү (экспозициясы) да ушул. Ушундан баштап Кемчонтойдун «жоруктары» тагыраак айтканда, ар түрдүү турмуштук кыйчалыштарга кабылган Кемчонтойдун «адамдык» мамилеси башталат. Турмушка чыгам деп бир «балакетке» кабылганын түшүнгөн акылдуу Багдагүл кантсе да Кемчонтойдон кутулуунун амалын издейт. Бул «амал» жөнөкөй эле, караманча тиричиликке, тамак-ашка байланыштуу келип чыгат. Кемчонтойдун акыл-эсин сезген Багдагүл тамактын ашын бир күнү ачуу шор кылат, бир күнү тузун кем кылат, айтор Кемчонтойдун кыжырына тиет. Багдагүл мындай дейт:<br>...Эсимди кудай алыптыр,<br>Колумдун чени ошондо. | Тема боюнча маалымат алышат | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 | Кайтарым байланыш<br><br>Эң жакшы !<br><br>Калыптандыруучу баалоо |
| Тапшырмалар менен иштөө ( 13 мүнөт ) | 1.Эгерде сен Багдагүлдүн ордунда болсоң , Кемчонтойго канда мамиле жасар элең ?<br><br>2. “ Менин эртеңки жашоом ” деген темада 5 мүнөттүк эссе жазгыла . | Берилген тапшырмаларды өз алдынча аткарышат . | | | Оозеки жообун баалоо<br><br>Катарым байланыш |
| Сабакты бышыктоо: ***(5 мүнөт)*** | 1.Чыгарманын “ Кемчонтой ” деп аталып калышы эмнеде ?<br><br>2.Өз жашооңдо Кемчонтойдо адамдарды кездештире алдыңбы ?<br><br>3.Эмне үчүн Кемчонтойдун энеси ага Багдагүлдү алып берди деп ойлойсуңар ?<br><br>4.Кемчонтойдун кылган жоруктарына силердин көз карашыңар ? | Суроолорго активдүүлүк менен жооп берүүгө аракеттенишет . | НК-1-2-3 | ПК-1-2-3 | <br>Ойлонобуз ! |
| Үйгө тапшырма берүү : ( 2 мүнөт ) | “Кемчонтой ” поэмасын окуп келүү . | Үй тапшырмасын аткаруу шартын түшүнүшөт . | | | Оозеки жообу бааланат |
| Окуучулардын билимдерин баалоо : *( 2 мүнөт )* | <u>Окуучуну билим көрсөткүчтөрү аркылуу баалоо :</u><br>- өз пикирин далилдей билет ;<br>- сабакта үйрөнгөнүн колдоно алат;<br>- адабий тилдин нормасын сактай билет ;<br>- сабакта активдүүлүгүн көрсөтүп , сабаттуу жазат ;<br>- суроолорго так жана туура жооп берет;<br><br>Сабакка активдүү катышкан окуучулардын жалпы билимдерин баалап , күндөлүктөрүнө баа коюп берүү | Окуучулар күндөлүктөрүнө баа койдуртушат . | | | Жалпы билимин эске алуу менен мугалим баалайт . |